Кыргыз Республикасынын
Көк бөрү Федерациясы
коомдук бирикмесинин
Президенти Р.Джунусалиев
_______ "___" ______ 2024-ж.

**2024-жылы Көк-бөрү оюну боюнча клубдар арасында өтө турган мелдештердин жалпы жобосу.**

**1. Жалпы жоболор**

1.1 Көк бөрү оюну боюнча Кыргыз Республикасынын ички клубдук мелдештери негизги 3 лигага бөлүнүп өтөт:

- Жогорку лига 6 командадан түзүлөт;
- Биринчи лига 12 командадан түзүлөт;
- Экинчи лигадагы командалардын саны чектелбейт.

**Эскертме: Федерациянын чечимине ылайык башка лигалар кошулушу мүмкүн (легендалар, мамлекеттик кызматкерлер, студенттер, сүйүүчүлөр, жаштар жана башка лигалар)**

1.2 Көк бөрү оюну боюнча клубдук мелдештер, 2024-жылы негизги үч мелдештин алкагында өткөрүлөт (башка дагы мелдештер болуп калышы мүмкүн):

-Нооруз майрамына арналган мелдеш;

-9-май Жеңиш күнүнө жана Усөн Кудайбергенов менен Сүймөнкул Чокморовдун жаркын элесине арналган мелдеш;

-Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнүнө карата Кыргыз Республикасынын президентинин кубогуна арналган мелдеш.

1.3 Көк бөрү оюну боюнча Кыргыз Республикасынын ички клубдук мелдештерине, Жогорку жана биринчи лигаларында, тиешелүү түрдө мамлекеттик каттоодон өткөн жана Кыргыз Республикасынын "Көк бөрү" Федерациясына (мындан ары-Федерация) мүчө болгон командалар катышууга укуктуу. Федерацияга мүчө болуу шарттары анын уставы менен белгиленет.

1.4 Мелдештерге катышууга каттоо, командалар тарабынан Федерацияга берилүүчү билдирме аркылуу жүргүзүлөт. Билдирмени берүү мөөнөттөрү Федерация тарабынан белгиленет.

1.5 Федерация уюштурган расмий мелдештерге командаларга жана билдирмелерине коюлуучу талаптар:

- Командалардагы оюнчулардын жана аттардын саны 12 болуусу шарт;
- Билдирмелер кагаз түрүндө берилип жана Федерациянын электрондук сайтына киргизилүүсү шарт;
- Билдирмеде 12 оюнчунун кол тамгасы, оюнучулардын медициналык жана аттардын ветеринардык көзөмөлдөн өткөндүгү тууралуу маалымкаты болушу шарт;
- Депозит төлөмүн тастыктаган дүмүрчөктүн (квитанция) көчүрмөсү.

Жогорудагы талаптар аткарылбаса команда мелдешке катышуу укугунан ажырайт.

**2. Жогорку лиганын түзүмү жана оюндарды уюштуруу шарттары**

2.1 2024-жылы Көк бөрү оюну боюнча Кыргыз Республикасынын ички клубдук оюндары Нооруз майрамына арналган мелдеш алкагында башталат. Мелдештин жогорку лигасынына катыша турган 6 команда 2023-жылдын жыйынтыгы менен аныкталат.

Нооруз майрамына арналган мелдештен кийинки мелдештерге алдыңкы 5 орунду ээлеген командалар калтырылып, алтынчысы болуп биринчи лиганын жеңүүчүсү кошулат. Мындай тартип жыл аягына чейин мелдештен-мелдешке улана берет.

2.2 Жогорку лиганын командалары үч-үчтөн "А" жана "В" тайпаларына бөлүнөт. Чүчүкулак учурунда 2023-жылдын 9-май Улуу Жеңиш күнүнө арналган мелдештин эң мыкты эки командасы эки тайпага бөлүнүп, калган төрт команда багына жараша тең экиге бөлүнөт. Чүчүкулак кармоодогу тартип жыл аягына чейин улана берет.

Тайпалык оюндар айлампа системасы менен өтөт. "А" тайпасындагы биринчи орунду ээлеген команда "В" тайпасынын экинчи орунду ээлеген командасы менен биринчи жарым финалдык жупту, ал эми "В" тайпасындагы биринчи орунду ээлеген команда "А" тайпасынын экинчи орунду ээлеген командасы менен экинчи жарым финалдык жупту түзүшөт. Жарым финалдын жеңүүчүлөрү финалда, ал эми утулгандары коло байге үчүн ойношот. Эки тайпанын акыркы орунду ээлеген командалары 5-орун үчүн ойношот. Ушундай тартип жыл аягына чейин уланат.

## 3. Биринчи лиганын түзүлүшү жана оюндарды уюштуруу шарттары

3.1. 2024-жылы Көк бөрү оюну боюнча Кыргыз Республикасынын ички клубдук оюндары, Биринчи лигада 12 команда болуп, Нооруз майрамына арналган мелдеш алкагында башталат.

Биринчи лиганын курамы 2023-жыл 9-май Улуу Жеңиш күнүнө арналган мелдештин жыйынтыгы менен тузулот.

3.2 Биринчи лиганын оюндары чүчүкулактын жыйынтыгы менен төрт тайпага үчтөн бөлүнүп ойнотулат. 2023-жыл 9-май Улуу Жеңиш күнүнө арналган мелдешиндеги Жогорку лигадан түшкөн жана биринчи лиганын алдынкы үч орунду ээлеген командалары төрт тайпага бөлүнүп, калган сегиз команда багына жараша тайпаларды үчтөн кылып толуктайт. Тайпалык оюндар айлампа системасы менен өтөт. Тайпадагы биринчи орунду ээлеген командалар жарым финалга чыгышат, ал эми экинчи жана үчүнчү орунду алгандар мелдешти улантуу укугунан ажырайт.

3.3 Биринчи лиганын командаларынын ээлеген орундарын аныктоо төмөнкүчө болот;
а) 1-орунду, финалдык оюнду уткан команда ээлейт.
б) 2-орунду, финалдык оюнда утулган команда ээлейт.
в) 3-орунду, коло байге үчүн болгон оюнду уткан команда ээлейт.
г) 4-орунду, коло байге үчүн болгон оюнда утулган команда ээлейт.
д) 5-орунду, 1-орунду алган команданын тайпасында экинчи болгон команда ээлейт.
е) 6-орунду, 2-орунду алган команданын тайпасында экинчи болгон команда ээлейт.
ж) 7-орунду, 3-орунду алган команданын тайпасында экинчи болгон команда ээлейт.
з) 8-орунду, 4-орунду алган команданын тайпасында экинчи болгон команда ээлейт.
и) 9-орунду, 1-орунду алган команданын тайпасында үчүнчү болгон команда ээлейт.
к) 10-орунду, 2-орунду алган команданын тайпасында үчүнчү болгон команда ээлейт.
л) 11-орунду, 3-орунду алган команданын тайпасында үчүнчү болгон команда ээлейт.
м) 12-орунду, 4-орунду алган команданын тайпасында үчүнчү болгон команда ээлейт.

3.4 Кийинки мелдешке Биринчи лиганын курамына, Нооруз майрамына арналган

мелдеште 2-орундан 10-орунга чейин ээлеген 9 команда, Жогорку лигадан түшкөн 1 команда, Экинчи лигада 1-орунду жана 2-орунду алган командалар кирет. Ал эми Биринчи лигада 1-орунду алган команда Жогорку лигага көтөрүлүп, 11-орунду жана 12-орунду алган командалар Экинчи лигага түшүшөт. Бул тартип жыл аягына чейин уланат.

**4. Экинчи лиганын түзүлүшү жана оюндарды уюштуруу шарттары**

4.1 Экинчи лигага, Жогорку жана Биринчи лигага кирбей калган Федерациянын талаптарына жооп берген бардык командалар кире берет. Командалардын санына чек жок. Экинчи лиганын оюндары командалардын санына жараша, чүчүкулактын жыйынтыгы менен тайпаларга бөлүнүп, Федерацияга ылайыктуу шарттарда өтөт. 1-орунду жана 2-орунду ээлеген командалар, кийинки мелдеште Биринчи лигага көтөрүлүшөт.

**5. Легендалар лигасы**

5.1 Легендалар лигасы Федерациянын чечимине ылайык ар кандай форматта өтүшү мүмкүн.

5.2 Нооруз мелдешине командалардын курамы жаш курагына ылайык төмөндөгүдөй түзүлөт:

- 6 оюнчу 1980-1984 жылдардын аралыгында төрөлгөндөр (туулган айлары жана күндөрү каралбайт);
- 6 оюнчу 1979 жылдан ылдый болушу шарт;
- Башка лигаларда ойногон оюнчулар Легендалар лигасына катышууга уруксаат берилбейт;

**6. Мелдештерди уюштуруу боюнча өзгөчө шарттар**

6.1 2024-жылы Нооруз майрамына арналаган мелдешке катышкан бардык командалар, жыл бою мелдештердин өтүү форматы өзгөрбөсө, үзгүлтүксүз мелдештерге катышууга укуктуу. Ал эми Нооруз майрамына арналган мелдешке катышпаган командалар, жүйөлүү себептери болсо, Федерациянын чечими менен Экинчи лигага кирүүсү мүмкүн.

Клубдар арасындагы мелдештерде, командалардын учурдагы абалдары эске алынып, эң оболу Жогорку лиганын андан кийин Биринчи лиганын курамдары толукталат.

**Эскертме: Федерация мелдештердин өтүү форматтарын, лигалардын курамын өзгөртүүгө укуктуу.**

6.2 Мелдештерди уюштурууда, Федерациянын жетекчилигинин чечими менен кайсыл бир команда, же команданын оюнчулары Эл аралык мелдештерге катышууга Кыргыз Республикасынын курама командасына чакырылса, же чет өлкөлүк командалар менен атайын уюшулган оюндарга катышса, ал оюндар команданы же командаларды мелдештерге катышуусун мүмкүн эмес кылса, алар соңку турнирде кайсыл лигада ойносо ошол лигада калтырылат. Бул учурда бир лигадан лигага командаларды өткөрүү Федерациянын чечими менен аныкталат.

2024-жылдын Нооруз мелдешине катышкан Жогорку, Биринчи жана Экинчи лигалардагы командаларга катталган оюнчулар жана аттар жыл аягына чейин башка командаларга өтүүлөрүнө тыюу салынат. (Аты аталбаган лигаларга бул шарт колдонулбайт)

**Эскертме: Мелдеш учурунда командадагы аттын буту сынып же өлүп калса, калыстардын далилдөөсүнөн кийин ордуна башка ат кошууга уруксат.**

## 7. Рейтинг системасы

2024-жылы аймактык федерациялардын ишмердүүлүгүнө баа берүү максатында жана 2025-жылы лигаларды түзүүдө колдонуу үчүн рейтинг системасы киргизилет. 2024-жылы өтө турган мелдештерде аймактык командалардын санына чек болбогондуктан, бардыгына бирдей мүмкүнчүлүк берилет. Упай топтоо жарышы жети облус жана эки шаар ортосунда болот. Ар бир команда өзүнүн аймагынын атынан чыгуусу шарт. Упайлар Жогорку жана Биринчи лигага гана берилет.

**Жогорку лига:**

1-орун: 150 упай;
2-орун: 120 упай;
3-орун: 100 упай;
4-орун: 90 упай;
5-орун: 80 упай;
6-орун: 70 упай.

**Биринчи лига:**

1-орун: 70 упай;
2-орун: 60 упай;
3-орун: 50 упай;
4-орун: 45 упай;
5-орун: 40 упай;
6-орун: 35 упай;
7-орун: 30 упай;
8-орун: 25 упай;
9-орун: 20 упай;
10-орун: 15 упай;
11-орун: 10 упай;
12-орун: 5 упай.

## 8. Бардык лигалардын командаларына коюлган талаптар:

8.1. 2024-жылдын Нооруз турнирине катыша турган командалар Федерациянын банктык эсебине төмөндөгүдөй өлчөмдө депозит төлөөсү шарт:

А) Жогорку лига – 100 000 сом;
Б) Биринчи лига – 100 000 сом;
В) Экинчи лига – 50 000 сом.

8.2 2024-жылдын бардык клубдук мелдештери аяктаган сон, тартип бузуулар, штрафтык санкциялар катталбаса, Федерациянын банктык эсебиндеги депозиттер өзгөрүүсүз командандалардын банктык эсебине которулуп берилет:

Депозиттен кармалуучу штрафтык санкциялардын өлчөмдөрү:

- Эрежеге ылайык, оюн башталаарга 20 мүнөт калганда командалар көзөмөлдөн өтүүгө тизилүүсү шарт, эгерде команда белгиленген убакытка кечигип келсе, ар бир 5 мүнөтүнө – 5 000 сом;
- Команда белгиленген убакытта оюн талаасына чыкпаса, ага техникалык утулуш берилип 20 000 сом айып салынат;

- Команда атайылап оюнга чыкпай койсо, ага техникалык утулуш берилип, 2024-жылдын бардык мелдештеринен четтетилет жана 30 000 сом айып салынат;
- Оюн аяктагандан кийин командалар батага, күндүн жыйынтыктоочу чогулушуна команданын өкүлү келбей койсо – 10 000 сом;
- Мелдештин ачылыш жана жабылыш аземине келбей койсо (оюнчулары формалары, аргымактары менен) – 20 000 сом;
- Эрежеге жана жобого ылайык келбеген тартип бузуулар катталса, тартип комиссиясынын чечими менен жагдайга жараша штрафтык санкциялар салынат;
- Нооруз турнирине катышкан командалар жыл аягына чейин бардык клубдук мелдештерге катышууга милдеттүү, кайсы бир мелдешке катышпай койсо депозиттин бардык өлчөмү командаларга кайтарылбайт;

**Депозит төлөө үчүн:**

**ИНН: 01108199810121**
**ОКПО: 21983751**
**Аталышы: Кыргыз Республикасынын "Көк бөрү" Федерациясы**
**Банк: ОАО "РСК Банк"**
**БИК: 129001**
**Б/эсеп: 1299003230417893**